**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «ТАЖИК ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ»

окутуу тажик тилинде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүү уюмдарынын 7-12-класстары үчүн

**Бишкек - 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти
**Рысбаев С.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Иштеп чыккандар:**

| | |
|---|---|
| Шаршембиева Д. Н. | КББАнын көп тилдүү жана инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы; |
| Обитов О. Х. | Лейлек районундагы «Илим» орто мектебинин тажик тили мугалими; |
| Хаитбаева Д. А. | Кадамжай районундагы С.Айни орто мектебинин тажик тили мугалими; |
| Кенжеев А. Б. | Лейлек районундагы «Билим нуру» орто мектебинин тажик тили мугалими. |

**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| Аббосова Р. И. | Лейлек районундагы «Илим» орто мектебинин тажик тили мугалими; |
| Бобоев З. Т. | Лейлек районундагы «Илим» орто мектебинин тажик тили мугалими; |
| Абдуваитова Ш. К. | Кадамжай районундагы С.Айни орто мектебинин тажик тили мугалими. |


Жалпы билим берүү уюмдарынын 7-12-класстары үчүн «Тажик тили жана адабияты» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартына (2025), Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

Предметтик стандарт тажик тилин үйрөнүүнүн максаттарына ылайык предметтин жардамы менен окуучуларды тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын аныктайт. Предметтик стандарттын негизинде предметтик стандартта көрсөтүлгөн ыкмалар, принциптер жана окутуу усулдарын чагылдырган окуу программалары жана окуу китептери түзүлөт. Предметтик стандарт тажик тилин жана адабиятын окутууга бирдиктүү мамилелерди камсыздайт, бардык типтеги жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу процессин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын мектептеринде тилдик билим берүүнү өнүктүрүүнү камсыз кылат.

# МАЗМУНУ

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ....................4
II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР…………………….................................5
III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР……………………………………………………..6
IV. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ …...................................................................11
V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ..............................11
VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР…………………..15
VII. ШЫКТАНДЫРУУ ЖАНА КООПСУЗ ОКУТУУ ЧӨЙРӨНҮ ТҮЗҮҮ ……………16

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

7-12 класстар үчүн «Тажик тили жана адабияты» предметти **окутуунун максаты** – көп маданияттуу коомдо маданий жана тилдик өзгөчөлүктү калыптандыруу үчүн окуучулардын баарлашуу, ой-жүгүртүү жана социалдашуу көндүмдөрүн өздөштүрүү.

**Милдеттер:**

**Билим берүүчүлүк:**

- окуу, угуу, сүйлөө, жазуу, грамматика көндүмдөрүн өркүндөтүү жана сөз байлыгын байытуу;
- баарлашуунун эффективдүү каражаты катары эне тилин өздөштүрүү;

**Тарбия берүүчүлүк:**

- көп маданияттуу коомдо эне тили аркылуу окуучуларынын өз маданиятын таанып билүү аң-сезимин өстүрүү**;**
- окуучуларда жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу;

**Өнүктүрүүчүлүк:**

- жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына ылайык, предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн негизинде окуучулардын эне тилин өнүктүрүү;
- эне тилин дүйнөнү таанып билүү каражаты катары колдонуу жөндөмүн өнүктүрүү.

«Тажик тили жана адабияты» предметти окутуу жалпы дидактикалык принциптерине: илимий, ырааттуу, жеткиликтүү негизделет. Ошондой эле предметтин принциптеринин спецификалык өзгөчөлүктөрүн эске алат. Булар:

1. **Компетенттүүлүккө негизделген мамиле.** Мамлекеттик билим берүү стандартында, «Тажик тили жана адабияты» сабагында кептик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын кептик, тилдик жана этно-маданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө көрүнөт.
2. **Функционалдык-коммуникативдик принциби** тилдик каражаттарды турмуштук кырдаалдарда колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуучулар реалдуу баарлашууда лексика, грамматика, сүйлөө, жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүшөт.
3. **Инсанга багытталган принциби**. Окуучулардын кызыкчылыктарын жана күчтүү жактарын эске алып, мугалим ар түрдүү тапшырамаларды сунуштайт: сүрөт тартуу, схема түзүү, оозеки тапршырма ж.б.
4. **Предмет аралык интеграция принциби.** Тил каражат катары башка предметтерди өздөштүрүүгө жардам берет. Тилдик темалар башка предметтер менен тыгыз байланышта болот жана аларды кеңейтет.
5. **Текстке негизделген окутуу принциби.** Текст реалдуу баарлашууну ишке ашыруучу кырдаалды түзүүнүн каражаты катары эсептелет. Окуучу «Тажик тили жана адабияты» сабагынан төмөнкүлөрдү көрсөтө алат: текстти кабыл алуу, аны сабаттуу жаза билүү жөндөмдүүлүгү; түшүнүү жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү; текстти талдоо, түшүндүрүү жана өркүндөтүү жөндөмдүүлүгү; өзүнүн чакан текстин түзө билүү жөндөмдүүлүгү; тексттин негизинде жаткан логикалык-тематикалык байланыштын планын таба билүү.
6. **Этномаданият таануу принциби.** Тил улуттун өзгөчөлүгүн, өз алдынчалуулугун таануунун каражаты, андыктан, нагыз улуттук түшүнүктөрдү, нарктарды, салттарды, улуттук буюмдарды, кийимдерди, тамак-аштар менен курал-жарактарды эне тили аркылуу таануу, аны түшүнүү, кебинде колдонуу, тексттер аркылуу талдап үйрөнүү,

турмуштагы этномаданий кырдаалдарга, окуяларга, иш-чараларга аралашуу, таанып-билүүсүн дагы да тереңдетүү.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Тажик тилин окутуунун мазмуну сабаттуу мамиленин негизинде тандалып алынып жана курулган. ушуга байланыштуу, 7-12-класстарында тилдик, кептик жана этномаданий компетенттүүлүктөр калыптанат жана өнүктүрүлөт.

**Тилдик компетенттүүлүгү** – баарлашуу максатында эне тилинде өз оюн билдирүү үчүн тилдик каражаттарды колдонуу; төмөнкү көндүмдөрдү камтыйт:

- сөздөрдү туура мааниде колдонот, синоним, антоним, омоним сөздөрдү ажырата билет;
- грамматикалык жактан туура сүйлөмдөрдү түзө алат;
- орфографиянын жана пунктуациянын эрежелерин сактоо менен текстти түзө алат;
- өз оюн так жана көркөм билдирүү үчүн ар кандай тилдик каражаттарды колдонот;
- оозеки жана жазма кепте (адабий тилде, оозеки кепте ж.б.) тил нормаларын ажыратат жана колдонот.

**Кептик компетенттүүлүгү** – баарлашуу милдетине ылайык оозеки сөзүн, окуганды түшүнүү, өз оюн оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүү жөндөмдүүлүгү; төмөнкү көндүмдөрдү камтыйт:

- өз оюн ырааттуу жана логикалык негизде айта алат;
- максатты жана адресатты эске алуу менен түрдүү жанрдагы жазуу тексттерин (аңгеме, кат, эскертүү, түшүндүрмө) түзөт;
- ар кандай баарлашуу кырдаалдарда оозеки билдирүүлөрдүн негизги мазмунун жана деталдарын түшүнөт;
- окуган текстти талдайт, жыйынтык чыгарат;
- тексттин маанисин, түзүлүшүн жана негизги деталдарын сактап, укканын же окуганын кайталап айтып берет.

**Этномаданий компетенттүүлүгү** – эне тилинин каражаттары аркылуу улуттук жана маданий баалуулуктарды билүү, башка этностордун өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүү жөндөмдү билдирет; төмөнкү көндүмдөрдү камтыйт:

- коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашууда социалдык ролу менен маани-маңызын түшүнө алат;
- элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;
- кеп адебинин нормаларына ээ болот;
- эне тилинин байлыгын (макал-лакаптар, фразеологизмдер, жомоктор, уламыштар, ырлар ж.б.) тааныйт, тилдин маданиятын билдирет;
- жашаган аймагындагы башка улуттун өкүлдөрүнүн тилин, салт-нарктарын, материалдык маданиятын үйрөнүү жана аларды урматтап-сыйлоого үйрөнөт.

Окутуунун мазмуну окуучунун инсандыгын өнүктүрүүгө жана кайрылуунун этикалык нормаларын эске алуу менен оозеки жана жазуу жүзүндө өз оюн жана сезимдерин эркин билдире алган тажик тилинин нормаларын камтыган маданияттуу адамды тарбиялоого багытталган.

# III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

Тажик тили эне тили катары окутуу төмөнкү мазмундук багыттарга негизделет:

**1-мазмундук багыт. Тилдеги сөз**

Окуучулардын өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө билдирүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, кепти баарлашууда колдонууну калыптандыруу максатында төмөнкү бөлүктөн турат: үндү түшүнүү (фонетика), орфография, лексика, морфология, элементардык синтаксис жана пунктуация.

**2-мазмундук багыт. Кептеги сөз**

Тилдик жана адабияттык материалдын мазмунун өздөштүрүүгө жана аны кеп маданиятынын талаптарына ылайык баарлашууда активдүү колдонууга негизделген кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) боюнча окутууну камсыз кылат.

**3-мазмундук багыт. Тилдин этномаданий өзгөчөлүктөрү**

Окуучулар ишмердүүлүктүн ар түрдүү тармактарында баарлашуу нормаларын өздөштүрүшөт; өздөрүнүн түпкү маданиятынын өзгөчөлүктөрү жана элдик чыгармалар менен таанышышат; өз өлкөсүнүн баалуулуктарын жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнүүгө, башка маданияттын өкүлдөрүнө урмат-сый менен мамиле кылууга үйрөнүшөт.

**1-таблица – Окуу материалдарынын класстар жана мазмундук багыттар боюнча бөлүштүрүлүшү**

| Мазмундук багыт | 7-8-класс | 9-10-класстар | 11-12-класстар |
|---|---|---|---|
| **Тилдеги сөз** | Бир нече уңгулардан жана сөз тобунан түзүлгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын айкалышын жана бөлүнүшүн тандоо (татаал жана кошмок сөздөрдүн ортосунда тандоо). | Кээде префикстерди, кээде башка сөз түркүмдөр катары колдонулган сөздөрдү чогуу тандап, өзүнчө жазуу.<br>Сөздүн түз жана каймана маанисин билүү жана бөлүү.<br>Семантикалык окуяларды билүү жана айырмалоо: синонимдер, антоним жана омонимдер.<br>Сөздүктөр менен иштөө. | Контекст боюнча сөздөрдү түшүнүү.<br>Синоним, антоним колдунуу, сөз байлыгын өстүрүү,<br>Сөздүн түз жана каймана маанисин билүү жана бөлүү.<br>Семантикалык окуяларды билүү жана айырмалоо: синонимдер, антоним жана омонимдер.<br>Сөздүн маанисине жараша түрлөрү, сөздөр жана аныктамалар, тармактык, диалект сөздөр, сөздүктөр менен иштөө. |
| | Кыска «-и» жана созулган «-ӣ» айтылышы менен жазылышы дал келбей калганда оозеки кептин чагылдырылышы.<br>Кыска «-у» жана созулган «ӯ» айтылышы менен жазылышы дал келбей калганда оозеки кептин чагылдырылышы | «ъ» (катуу) тамгасынын жазма кепте чагылдырылышы.<br>Айтылбай турган «д», «т», «ҳ» үнсүздөрдүн жазма кепте чагылдырылышы**.**<br>«э», «е» жана «й» тамгаларынын айтылышы менен жазылышы дал келбей калганда оозеки кептин чагылдырылышы. | фонетикалык системасын, үндүү фонемаларды, үнсүздөрдү, алардын жазылышын, тажик тилинин айтылыш базасын, тажик муунунун түзүлүшүн айырмалоо деңгээлинде билүү.<br>Сөздүн уңгусун, префикстерин жана суффикстерин, негизин жана мүчөсүн, сөздүн морфологиялык курамын аныктоо жана айырмалоо.<br>Сөздүн өз алдынча бөлүктөрү (ҳиссаҳои мустақили нутқ), алардын өзгөчөлүктөрүн, грамматикалык категорияларын, өз алдынча сөз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | бөлүктөрүн билүү жана айырмалоо. |
| **Кептеги сөз** | Тексттеги сүйлөмдөрдү, сүйлөмдүн түрлөрүн, сүйлөм мүчөлөрүн таануу жана ажырата билүү.<br>Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүн таануу жана бөлүү<br>Тексттеги татаал сүйлөмдөрдү (ҷумлаҳои мураккаб), татаал сүйлөмдөрдөгү бирикмелерди, татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрүн таануу жана бөлүү.<br>Тажик тилинин стилин жана грамматикалык синонимдерин билүү, синонимдерди колдонуу. | Текстти сүйлөмгө бөлүү үчүн тыныш белгилерин тандоо (тыныш белгилеринин бар же жоктугун, көп чекит менен башка белгилердин ортосундагы, чекит менен көп чекиттин ортосундагы, чекит менен илеп белгисинин. | Тексттеги өз алдынча эмес сөз түркүмдөрүн (ҳиссаҳои номустакили нутқ) билүү жана айырмалоо. |
| | Сүйлөмдүн тыныш белгилерин билдирүү үчүн интонацияны колдонуу.<br>Текстти сүйлөмдөргө бөлүү үчүн тыныш белгилерин тандоо (чекит, көп чекиттин ортосунда, илеп белгисин). | Конкреттүү сүйлөмдөрдө жаңы жаңылык (рема) катары каралган сөздөргө жана сөз айкаштарына логикалык басым колдонуу.<br>Татаал сүйлөмдөрдү компоненттерге бөлүү үчүн тыныш белгилерин тандоо | Сүйлөмдүн компоненттерин бөлүү үчүн тыныш белгилерин тандоо. Жумушчу сөздөрдү колдонууда, татаал сүйлөмдөрдү тыныш белгилер менен ажырата билүү. |
| | 1-2 булактар менен иштөө, жалпы мазмунду салыштыруу, окшоштуктарын, айырмачылыктарын аныктоо. | 1-2 булактар менен иштөө, жалпы мазмунду салыштыруу, окшоштуктарын, айырмачылыктарын аныктоо. | Бир нече булактар менен иштөө (энциклопедия, сөздүк, публицистикалык тексттер), карама-каршылыкты, тексттин стилин, формасын аныктоо. |
| | Өзү жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы жана өткөн | Өзү жөнүндө, белгилүү адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, | Өзү жөнүндө, белгилүү адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуялар жөнүндө кыска тексттерди жазат (80-120 сөз).<br>Бланктарды толтурат (аты-жөнүн, фамилиясын, жынысын, жашын, жарандыгын, дарегин көрсөтөт).<br>Жеке кат, туулган күнү жана башка майрамдар менен куттуктоолорду (80-120 сөз) жазат, каалоолорун билдирет. | азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар жана окуп жаткан өлкө жөнүндө кыска тексттерди жазат (120-150 сөз).<br>Жеке кат жазат (120-150 сөз), адресаттан анын жашоосу, иштери тууралуу сурайт, өзү жөнүндө да кабарлайт, ыраазычылыгын, өтүнүчүн билдирет. | өткөн жана келечектеги окуялар жана окуп жаткан өлкө жөнүндө кыска тексттерди жазат (150-250 сөз, же андан көп);<br>баяндама эссе, сүрөттөмө эссе, жеке кат жазат (150-250 сөз, же андан көп), адресаттан анын жашоосу, иштери тууралуу сурайт, өзү жөнүндө да кабарлайт, ыраазычылыгын, өтүнүчүн билдирет. |
| **Тилдин этномаданий өзгөчөлүктөрү** | Ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, айырмасын билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер, чакан окуялар, кыска илимий жана таанып-билүү тексттери). | Ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, жанрдык өзгөчөлүктөрүн билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер. аңгемелер, ыр, кыска илимий жана таанып билүү тексттери), айырмалоо жана жаратуу. | Ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, жанрдык өзгөчөлүктөрүн билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер, аңгемелер, ыр, миф, пьеса, кыска илимий жана таанып билүү тексттери), айырмалоо жана жаратуу. |

## IV. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

Мугалим предметтин өзгөчөлүктөрүнө, ушул стандартта берилген билим берүүнүн конкреттүү натыйжаларына жана окуучулардын керектөөлөрүнө негизделген окутуу ыкмаларын жана формаларын колдонот.

«Тажик тили жана адабияты» окутуунун өзгөчөлүгү окуучулардын баарлашуусуна, ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөгө болгон көз карашын жана өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө түрткү берүүчү окуу чөйрөсүн түзүү болуп саналат, бул ар бир адамдын, анын ичинде өзгөчө билимге муктаж окуучулардын/балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берет.

Окуучуларды баарлашууга тартуу интерактивдүү окутуунун негизинде ишке ашат, бул билим берүү процессин өзгөчө уюштурууну жана окутуу шарттарын түзүүнү талап кылат, мында окуучулар сабакта башка окуучулар жана педагог менен өз ара аракеттенүү процессинде тил системасына, маданий билимдерге ээ болушат, өздүк инсандыкты калыптандырышат, өз таланттарын билишет, предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүдө өнүгүүнүн өздүк траекториясын түзүшөт.

Интерактивдүү окутуу кызматташтыктын, достуктун, көп тараптуу баарлашуунун атмосферасын түзүү, баарлашууга бардык катышуучуларды тартуу, ошондой эле окууга мотивацияны жогорулатуучу жана таанып-билүүчү активдүүлүктү стимулдаштыруучу ыкмаларды колдонуу аркылуу уюштурулат.

Сунуш кылынган методдордун классификациясы предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптанышын камсыз кылган окуучулардын окуу-таануу иш-аракетинин мүнөзүнө негизделет.

– окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган ыкмалар;
– жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү ыкмалары;
- салыштыруу ыкмалары;
- окуучулардын илимий ишинин ыкмалары;
- биргелешкен окутуу ыкмалары.

1. **Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган ыкмалар.** Бул методдор тексттер менен иштөөдө жаңы ыкмаларды белгилейт жана бардык окуучуларды окуу процессине тартууга, изилденип жаткан темага болгон кызыгууну арттырууга, акыл-эс ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жардам берет. Алар: схемалар, жуптап окуу, Билем/Билгим келет/Билдим, логикалык чынжырлар ж.б.
2. **Жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү ыкмалары.** Өз алдынча текст түзүү боюнча ар кандай иштердин түрлөрү окуучулардын мазмунун тереңирээк түшүнүүсүн өнүктүрөт, аларды байкагыч кылат, өз көз карашын табууга жардам берет, өз ойлорун жана тажрыйбасын сыйлоону өстүрөт. Жазуу иштери: RACE, Синквейн, куттуктоо, кат жазуу ж.б.
3. **Салыштыруу ыкмалары.** Бул ыкмалар маалыматты классификациялоого, баалоого жана системалаштырууга мүмкүндүк берет. График, схемаларды колдонуу (диаграммалар, графиктер, тегерекчелер, таблицалар) изилденүүчү

предметтердин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын визуалдык түрдө көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Аларга төмөнкүлөр кирет: Венн диаграммасы, кластер ж.б.

4. **Окуучулардын илимий ишинин методдору.** Бул методдор тилдик материалды чыгармачылык менен колдонууга, тил сабактарын изилдөөгө айландырууга мүмкүндүк берет: көйгөйдү айтуу, чечүү жолдорун аныктоо, иш-аракеттердин ыкмаларын тандоо, күтүлгөн натыйжаларды формулировкалоо, реалдуу натыйжаларды көрсөтүү жана өзүн өзү талдоо. Аларга төмөнкүлөр кирет: долбоор ыкмасы, маалымат алуу жана чогултуу ыкмасы, интервью, портфолио ж.б.
5. **Биргелешкен окутуу ыкмалары.** Топтук иш билим берүүнүн биринчи баскычтарында гана эмес, андан кийинки тарбия иштеринде да оң роль ойнойт. Жупта, чакан топтордо иштөө бардык окуучуларга активдүү угуу, жалпы пикир иштеп чыгуу, чоң топ менен иштөөгө караганда азыраак стресстик кырдаалда кызматташуу жана инсандар аралык мамиле түзүү сыяктуу көндүмдөрдү практикалоого жана катышууга мүмкүнчүлүк берет.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окуучулардын жекече билим алуу жетишкендиктерин жана класстагы ийгиликтерин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу. Чет тили сабагында окуучунун жетишкендиктерин баалоо окутуунун максаттары (күтүлгөн натыйжалары), методдору жана формалары менен тыгыз байланышта. Баалоо төмөнкү принциптерге негизделет:

1. **Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Натыйжаларды көрүү үчүн мугалим түрдүү формаларды жана тапшырмаларды колдонот. Бул чийүү, графикалык иш, ролдук оюн, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп ж.б. болушу мүмкүн. Кээ бир окуучуларга тапшырманы аткарууга көбүрөөк убакыт берилет.
2. **Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуунун прогрессин талкуулайт:
   - окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
   - эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,
   - окууга кызыгууну стимулдаштыруу,
   - коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.
3. **Баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (*жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

**4. Өзүн өзү баалоо жана өз ара баалоо.**

**2-таблица – 7-8-9-класстар үчүн 20 сөздөн турган жат жазуунун баалоо критерийлери.**

| Туура жазылган сөздөр | Баа |
|---|---|
| 17-20 сөз | Эң жакшы |
| 13-16 сөз | Жакшы |
| 9-12 сөз | Канаттандыраарлык |
| 5 жана андан аз сөз | Канаттандыраарлык эмес |

**3-таблица – 10-11-12-класстар үчүн 25 сөздөн турган лексикалык жат жазуунун баалоо критерийлери.**

| Туура жазылган сөздөр | Баа |
|---|---|
| 20-25 сөз | Эң жакшы |
| 16-19 сөз | Жакшы |
| 11-15 сөз | Канаттандыраарлык |
| 10 жана андан аз сөз | Канаттандыраарлык эмес |

Диктантты жана тесттик тапшырмаларды баалоо төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- «Эң жакшы» деген баа – тапшырманын 85 % ийгиликтүү аткарылганда;
- «Жакшы» деген баа – тапшырманын 65 % ийгиликтүү аткарылганда;
- «Канаттандыраарлык» деген баа – тапшырманын 45 %дан 64 %га чейин ийгиликтүү аткарылганда;
- «канааттандырарлык эмес» деген баа – тапшырма 45 %дан аз аткарылганда.

**4-таблица – Угууну жана окууну баалоонун болжолдуу критерийлери.**

| Критерий | Эң жакшы | Жакшы | Канааттанды-рарлык | Канааттан-дырарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| **Тексттин мазмунун жана формасын түшүнүү** | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, майда-чүйдөсүнө чейин (кайталанган сөздөрдү) табат жана жыйынтык чыгарат. Тексттин мазмунун талдайт, мүнөздөмөлөрүн түшүндүрөт. | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды жарым-жартылай табат, синонимдерди тандап, колдонуу менен жыйынтык чыгарат. Тексттин мазмунун талдайт, | Маалымат-ты жарым-жартылай түшүнөт. Кайталанган сөздөрдү таба албайт. Жыйынтык чыгарууда кыйналат. Тексттин мазмунун талдаганда кыйналат. | Негизги ойду, майда-чүйдөлөрүн түшүнбөйт. Жыйын-тык чыгара албайт же тексттин мазмунун талдай албайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | мүнөздөмөлөрүн түшүндүрүүдө кыйналат. | | |
| **Салышты-руу, классифика-циялоо** | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификация-лайт. Текстти башка формага жана тескерисинче (диаграммага, таблицага) которот. | Салыштырууда жана классификация-лоодо 2 өзгөчөлүктү белгилейт. Диаграмманы тандайт, таянычтардын жардамы менен диаграмманы текстке которот. | Салыштырууда жана классификация-лоодо 1 мүнөздөмө тандайт. Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | Окшоштук-тарды жана айырмачы-лыктарды билбейт. |
| **Маалымат-ты колдонуу** | Текстке таянат, жоопту формулировка-лоо үчүн 4 же андан көп мүнөздөмөлөрдү тандап алат, маалыматтын негизинде өзүнүн текстин түзөт. | Өз жообун түзүү үчүн тексттен 2-3 мүнөздөмө тандайт. | Жоопту түзүү үчүн тексттен маалыматты тандоодо кыйналат. | Маалыматты колдонбойт. |

**5-таблица – Жазуу жана оозеки жооптордун (тексттин) болжолдуу критерийлери.**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттанды-рарлык | Канааттанды-рарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптун мазмуну** | Ой так жана түшүнүктүү, сөздөгү басым байкалат. Сүйлөмдөр толук. | Ой так, сөздөрдө басым байкалат. Сүйлөмдөр жарым-жартылай аткарылды. | Ой түшүнүксүз, сүйлөмдөр толук эмес. | Жоопту түзө албайт. Сүйлөмдөр бүтпөй калган. |
| **Лексика** | Темага тиешелүү 10 же андан көп сөздөрдү колдонот; | Тема боюнча 8-9 сөздү колдонот. 3-4 туруктуу сөз айкаштарын, | Сөздөрү темага жарым-жартылай туура келет, тема | Тема боюнча сөз байлыгы жок. Грамматикалык каталар көп. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 5 же андан көп туруктуу сөз айкаштарын, цитата/макал-ылакапты колдонот; Сүйлөмдөр туура түзүлгөн. 1-3 грамматикалык каталар текстин мазмунун бузбайт. | цитата/макал-ылакапты колдонот. Сүйлөмдөр туура түзүлгөн. Кээ бир грамматикалык каталар бар. | боюнча 7 сөзгө чейин колдонот. 2ге чейин туруктуу сөз айкаштарын колдонот, цитате/макал-ылакапты колдонбойт. Грамматика жарым-жартылай сакталат. | |
| **Тексттин түзүмү** | Текст логикалык байланышта, ой толукталган. | Текст түзүмдөштүрүл-гөн, ой жарым-жартылай аяктаган. | Текст жарым-жартылай түзүмдөштүрүл-гөн, ой толук эмес. | Тексттин түзүмү жок, ой бүтпөйт. |
| Оозеки жооптордо интонация да текшерилет | | | | |
| **Интонация (оозеки жооп үчүн)** | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, басым сүйлөмдөрдүн негизги мүчөлөрүнө же логикалык маанилүү сөздөргө берилет. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, басым жарым-жартылай байкалат. | Интонация кээде сүйлөмдүн түрүнө дал келбей калган, басым байкалбайт. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө дал келбейт. басым байкалбайт. |
| **Пунктуация** | Бардык үйрөнгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат. | Үйрөнгөн тыныш белгилеринин көбү туура колдонулат. Үтүрлөрдү колдонууда кичине каталар бар. | Үйрөнгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, үтүрлөр, чекиттер, суроо белгилери жана илеп белгилери көп учурда жок же туура эмес коюлат. | Тыныш белгилери колдонулбайт. |

## VI. САБАКТЫ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДОО

**6-таблица – Предметти ресурстук камсыздоо.**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөлөрү |
|---|---|
| **Маалыматтык-байланыш технологиялары** | Билим берүү процесси заманбап компьютердик технологиялар менен, анын ичинде техникалык каражаттар (компьютер, сканер, принтер, мультимедиялык проектор ж.б.), анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн көмөкчү технологиялар (калькулятор, үн күчөткүч, кулакчын, проектор, лупа ж.б.) менен камсыз болушу керек.<br>Заманбап МКТ каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:<br>– интернет жана ички локалдык тармак ресурстарына кирүү;<br>– интерактивдүү билим берүү ишмердүүлүктүн мүмкүнчүлүгү;<br>– окуу мазмунун көрсөтүү. |
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Мектептеги окуу процесси санариптик билим берүү ресурстары менен, анын ичинде предмет боюнча электрондук окуу китептери жана симуляторлор, издөө системалары жана Интернетте издөө куралдары, электрондук билим берүү ресурстарынын жыйнактары, билим берүүчү интернет-порталдар менен камсыз болушу керек. Санариптик билим берүү булактары визуалдык демонстрациялык материалдарды (плакат, таблица жана схема) алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү булактары материалдарды көрүү жана угуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат: коштомо жазуулар, кулакчындар.<br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>– маалымат булактары;<br>– керектүү маалыматты табуу үчүн куралдар;<br>– окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылдыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |
| **Окуу-методикалык адабияттар** | Окуу процесси заманбап окуу-методикалык адабияттар менен, анын ичинде мугалимди керектүү методикалык камсыздоо (ченемдик-укуктук документтер, окуу программасы, мугалимдер үчүн методикалык сунуштар ж.б.), мектеп окуучулары үчүн жаңы муундагы окуу китептери, маалымдамалар, дидактикалык материалдар жана сөздүктөр менен камсыз кылынууга тийиш. |

| | |
|---|---|
| | Окуу-методикалык адабияттар төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулар үчүн окуу-тарбия иштерин уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. |

## VII. ШЫКТАНДЫРУУ ЖАНА КООПСУЗ ОКУТУУ ЧӨЙРӨНҮ ТҮЗҮҮ

Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсыздануну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

- Ачык баарлашууга шыктандыруу, окуучулардын бири-бирине жардам берүү үчүн командалык көнүгүүлөрдү колдонуз.
- Урматтоого жана сабакка активдүү катышууга көмөктөшүүчү класстык эрежелерди бекитиңиз;
- Сабакка максаттарды окуучулар менен бирге коюңуз.
- Окуучулардын аракеттерин жана позитивдүү жүрүм-турумун дайыма баалап туруңуз. Шыктандыруу үчүн дем берүүчү сөздөрдү, стикерлерди, сертификаттарды же башка кичинекей сыйлыктарды колдонуңуз.
- Топтук иштерди, долбоорлорду, талкууларды уюштуруңуз. Активдүү угуунун ыкмаларын үйрөнүңүз, ачык суроолорду бериңиз.
- Эмоционалдык лексиканы үйрөтүңүз: ар кандай эмоцияларды талкуулоо жана түшүнүү үчүн көнүгүүлөрдү колдонуңуз.
- Жөндөмдүүлүгүнө, өзгөчөлүгүнө карабастан бардык окуучулар үчүн коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүңүз.
- Рефлекся журналды колдонуңуз: окуучулар өз ойлорун, сезимдерин жана тажрыйбасын жаза алышат.
- Каталарды-окуунун бир бөлүгү катары караганды үйрөтүңүз.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.